КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

720040, Бишкек ш.,
К. Тыныстанов көч., 257
тел.: (312) 66-24-42
факс: (312) 62-15-20
http://edu.gov.kg

257, K. Tynystanov St,
Bishkek 720040
tel.: (312) 66-24-42
fax: (312) 62-15-20
http://edu.gov.kg

720040, г.Бишкек,
ул. К. Тыныстанова, 257
тел.: (312) 66-24-42
факс: (312) 62-15-20
http://edu.gov.kg

____________ № ____________

____________ № ____________ катка

**Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлигине
караштуу мекемелерине**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги Кыргыз Республикасынын Эсеп палатасынын 2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыктары боюнча төмөндөгүдөй жазма буйрук аткарылбаган жана толук эмес аткарылган пункттарын аткарууга жөнөтөт:

**Орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдары боюнча**

42. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы №355 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүүчү билим берүү уюмдарынын мамлекеттик билим берүү гранттары жана бюджеттик орундары жөнүндө" жобонун 16-пунктуна ылайык, бюджеттик негизде окуган студенттердин ар түрдүү жана жүйөөсүз себептерден окуудан четтетилгендигине байланыштуу, адисти даярдоого сарпталган чыгымдардын ордун толтуруу төмөндө көрсөтүлгөн билим берүү уюмдардын студенттеринин эсебинен камсыздалсын: **Ош технологиялык университети** - 3 563,6 миң сом.

51. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтому так аткарылып, **ашыкча төлөнгөн командировкалык чыгымдар Ош технологиялык университетинде** - 309,3 миң сом тийиштүү кызматкерлерден өндүрүлүп, **республикалык бюджетке ордуна коюлсун.**

52. **Ош технологиялык университетинде** Кыргыз Республикасынын

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015- жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын эрежелерин сактабастан, күйүүчү-майлоочу материалдарды эсептен чыгарууда линиялык ченемден 191,4 миң сомго ашыкча эсептен чыгарууга жана дефектик актылары жок 179,4 миң сомго автомашиналарга оңдоо иштерин жүргүзүүгө жол берген **кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.**

53. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 47-беренесинин 29-пунктуна ылайык Ош технологиялык университетинде 88,0 миң сомго кармалган айып пулдар **республикалык бюджеттин кирешесине которулсун.**

**Жооптор 2024-жылдын 2-декабрга чейин Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине берилиши керек**.

Жооптор Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Регламентинин ар бир пункттарынын аткарылган иштин жыйынтыгы боюнча тастыктаган иш кагаздар менен так маалымат берилсин.

**Министрдин биринчи орун басары** **Б.Т.Супаналиев**

Мураталиева Б.М.
622079

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН